# gazete Manas

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Öğrenci Uygulama Gazetesi
Ocak / Январь 2014 • Жыл/Yıl • Сан/Sayı: 45 • http://media.manas.kg

**Teknoloji**

## Арзан жана ыңгайлуу мобилдик тиркемелер

## Hayatımızı Renklendiren Mobil Uygulamalar

13



**kültür**

Orta Asya'dan Anadolu'ya Göç eden

## ULUPAMİRLİ KIRGIZLAR

Азиянын жүрөгүнөн батышка көчкөн Улуу Памир кыргыздары

8-9



**haber**

## Ректор Себахаттин Балжы кыргыз элитасынын катарында

Rektör Prof. Dr. Sebahattin BALCI 100 Kırgız Seçkin Arasında



**haber**

## KTMÜ 2013 yılının en iyi Üniversitesi seçildi

## КТМУ “Жылдын университети” деп тандалды

2

“Фабула” гезити тарабынан 2013-жылдын 27-декабрда уюштурулган “Жылдын мыктылары” аттуу аземде Кыргыз-Түрк “Манас” университети “Жылдын мыкты университети” наамына татыктуу деп аталды.

Kırgızistan Cumhuriyeti'nin Devlet Gazetesi olan Erkin Too gazetesinin 24 Aralık 2013 tarihindeki sayısında Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi 2013 Yılının En İyi Üniversitesi seçildi.



## Жигити - шумкар, кыз - куудай кыргыздын оюну кыз куумай

## At Üstündeki Heyecanın Adı: KIZ KUUMAY

6

**Araştırma**

## ЭЛДИ ЭҢСЕТКЕН БРЕНД КИЙИМДЕР

## Başımızı Döndüren Markalar

4

# КТМУ “Жылдын мыкты университети” деп тандалды


Manas/iletişim

Manaspress

Жылдын мыктыларын аныктоого Кыргызстандагы компаниялар, фирмалар, ишканалар, окуу жайлар жана башка коомдун өнүгүшүнө салым кошкон бардык тармактар боюнча тандоо жүргүзүлгөн. Тандоонун жыйынтыктары смс жарыш аркылуу белгилүү болду. Коомчулуктун смс добушу менен Кыргызстандагы ЖОЖдордун ичинен “Манас” университети “2013-жылдын мыкты университети” деп табылган.

КТМУнун ректору проф. док. Себахаттин Балжынын айтымында бул сыйлык университетте эмгектенген жалпы жамааттыкы. “Университеттин алдыга койгон максаттарын ишке ашыруу үчүн маңдай терин аябай иштеп жаткан бардык кызматкер жана мугалимдерге учурдан пайдаланып ыраазычылыгымды билдиргим келет. Университетибиздин заманбап окуу шарттарын жана техникалык баазасын пайдалуу колдонуп, келечектин ээси болгон жаштарыбызга татыктуу билим берүүнү уланта бермекчибиз”-деди университеттин ректору.

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик “Эркин-Тоо” гезити да 2013-жылдын жыйынтыгы менен Кыргыз-Түрк “Манас” университетин “Жылдын мыкты университети” атады.*

КТМУнун түзүлгөндөн баштап ушул күнгө чейин Кыргызстандын билим берүү тармагында кошкон салымы зор. Учурдун талабына ылайык татыктуу билим бергендиги үчүн университет эл арасында кадыр -баркка ээ. Пайдубалы, техникалык базасы жана билим берүү кепилдиги менен башка университеттерден айырмалангандыгы үчүн “2013-жылдын мыкты университети” наамына татыктуу теп табылды”, деп жазат “Эркин-Тоо” гезити.

# KTMÜ 2013 yılının en iyi Üniversitesi seçildi

Manaspress

**Fabula Gazetesi'nin düzenlediği "Yılın En İyileri" Töreninde, Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi ödüllerine bir yenisini daha ekledi.**

27 Aralık 2013 tarihinde Fabula Gazetesinin halk oylaması ve gönderilen sms'lerle seçtiği "Yıl'ın En İyileri" törenine Kırgızistan Cumhuriyeti'nin Millet Vekilleri, Devlet Yöneticileri, İş Dünyası ve Kırgızistan'ın bir çok ünlü sima katıldı. Halk oylaması ve gönderilen sms'lerle Eğitim-Öğretim alanında 2013 yılının en iyi Üniversitesi olarak Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi seçildi.

Üniversite adına"Yılın En İyi Üniversitesi" ödülünü alan KTMÜ'nün Rektörü Prof. Dr. Sebahattin BALCI; Öncelikle bu ödülü iki kardeş ülkenin kurduğu Manas Üniversitesi'nde hiç durmadan ve büyük gayret sarfeden tüm çalışanlarımız adına aldığını söyleyerek teşekkür etti. Üniversite olarak alt yapısıyla , teknolojisiyle, laboratuarlarıyla, eğitim-öğretim kalitesiyle Kırgızistan da yaşayan, evlatlarımıza, öğrencilerimize, halkına hizmet eden bir üniversite olduğunu vurgulayarak 2014 yılı'nın tüm dünya insanlığına barış, huzur, sağlık getirmesini temenni etti.

***Kırgızistan Cumhuriyeti'nin Devlet Gazetesi olan Erkin Too Gazetesinin 24 Aralık 2013 tarihindeki baskısında Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi 2013 Yılının En İyi Üniversitesi seçildi.***

Erkin Too gazetesinde; Kuruluşundan günümüze kadar eğitim alanına büyük katkı sağlayan, modern teknolojilerin yardımıyla öğrencilerin gelişimini en çok artıran, halk arasındaki saygınlığı ve güvenirliği yüksek olan, alt yapısıyla, teknolojilisiyle, eğitim öğretim kalitesiyle diğer üniversitelerden farklı ve gelişmiş olmasından dolayı 2013 Yılının En İyi Üniversitesi Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi seçildi.

# Ректор Себахаттин Балжы кыргыз элитасынын катарында


Ömer Küfrevi

**Журналист Жыпара Жээналиеванын “21-кылымдын элита адамдары” аттуу китебиндеги Кыргызстандын жүз элитасынын катарында КТМУнун ректору профессор доктор Себахаттин Балжы да орун алды.**

Үстүбүздөгү жылдын 25-декабрында КТМУда болгон жолугушууда Жыпара Жээналиева Себахаттин Балжыга китепти тапшырып жатып, билим берүүдөгү жигердүү эмгеги үчүн “2013-жылдын ректору” наамына татыктуу деп табылганын айтып куттуктады. Аталган китепте өлкө башчысы Алмазбек Атамбаев баш болгон маданиятына, билим берүүсүнө өзгөчө салымын кошкон инсандар, коомдук ишмерлер жөнүндө жазылган.

# Rektör Prof. Dr. Sebahattin BALCI’ya Kırgızistan’dan Ödül

**Jıpara DJEENALİEVA'nın editörlüğünü yaptığı ve Asiapress'in de yayınladığı 21. YÜZ YILIN ELİT İNSANLARI kitabında 21. Yüzyılda yaşayan Kırgızistan’ın 100 (yüz) seçkin İnsanı arasına üniversitemiz Rektörü Prof. Dr. Sebahattin BALCI da yer aldı.**

Başta Kırgızistan Cumhurbaşkanı Sayın Almazbek ATAMBAYEV’ın ve birçok önemli devlet ve halk adamlarının yer aldığı "YÜZ YILIN ELİT İNSANLARI" adlı kitapta; Prof. Dr. Sebahattin BALCI'nın Kırgızistan'a yapmış olduğu kültürel, sosyal, bilimsel katkılar ve üniversitemiz hakkında bilgiler yer aldı. 25 Aralık 2013 tarihinde üniversitemize gelen 21. YÜZ YILIN ELİT İNSANLARI kitabının editörü Jıpara DJEENALİEVA kitabını üniversitemiz Rektörü Prof. Dr. Sebahattin BALCI'ya takdim ederek Asiapress'in yaptığı araştırma sonucu yılın rektörü seçilen Prof. Dr. Sebahattin BALCI'ya 2013 Yılı'nın Rektörü belgesini takdim etti.

Manaspress

gazete Manas

**• KTMÜ Adına Sahipleri**
Rektör Prof. Dr. Sebahattin Balcı,
Rektör Vekili Prof. Dr. Asılbek Kulmırzayev

**• Genel Yayın Yönetmeni**
Prof. Dr. Mehmet Küçükkurt

**• Yayın Koordinatörü**
Dr. Ömer Çakın

**• Yayın Danışmanları**
Doç. Dr.. Ercan Oktay
Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov
Dr. Erdoğan Akman

**• Şef Editör**
Ernist Kubatov

**• Editörler**
Ömer Küfrevi, Farida Seytaliyeva

**• Sayfa Tasarımı**
Aycamal Borisova
Bakay Abdimitalipov

**• Yazışma Bilgileri**
KTMÜ İletişim Fakültesi
Cal Yerleşkesi, Bişkek
• Tel +996(312)492756/1156
• editor@mediamanas.com

**Yerel Süreli Yayın №1389 “ММК колдоо борбору” Fonu Matbaası’nda 2000 nüsha basılmıştır. Şipariş № 390**

# «МАНАС» ҮЧИЛТИГИ ЮНЕСКО ТИЗМЕСИНЕ КИРДИ

Айдай Амангелди кызы

“Манас” эпосу Юнесконун маданий мурастарынын тизмесине Кыргызстандын атынан киргизилди. Мындай чечим 4-декабрда аталган уюмдун Бакудагы өкмөттөр аралык 8-отурумунда кабыл алынды. Буга карата Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде 11-декабрь күнү чакан кече өткөрүлүп ага Жогорку Кенештин өкүлдөрү, университеттин жамааты жана студенттердин катышышты.




Ömer Küfrevi

“Манас үчилтигинин Кыргызстандын атынан ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастардын тизмесине катталышы кыргыз элинин зоболосун көтөргөн чоң майрам жана татыктуу жеңиш”,-деп баса белгиледи Юнеско иштери боюнча улуттук комиссиянын төрагасы жана КР ЖК депутаты Карганбек Самаков. Ошондой эле ЖК депутаты Кыргызстан ЮНЕСКОнун өкмөттүк аралык комитетине 25-өлкө болуп кошулгандыгын чоң сүйүнүч менен жар салды. “Кыргызстанды өз теңине албай жүргөн өлкөлөр, эми маданий мурастарын каттатууда эми биз менен эсептешүүгө мажбур экендигин баса белгиледи.

Жалпы түрк дүйнөсүнүн кубанычы менен Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору проф.док.Себахаттин Балжы жана окутуучу Хусейин Исаев да куттукташты. Себахаттин Балжы “Манас” дастанынын дүйнөлүк деңгээлде таанылышы зор сыймык жана чоң жоопкерчилик экенин айтса, Х. Исаев бул иштин артында Карганбек Самаков баштаган топтун үч жылдык тынымсыз акыл-эс жана чебер дипломатия коштогон эмгеги жаткандыгын баса белгиледи.

Салтанаттын алкагында даярдоо курсунун студенти Акжолтой Канатбек уулу комуздун коштоосунда ырдады. Андан соң депутат К.Самаков тарабынан даярдалган “Башканы коюп, Манасты айт” аттуу документалдык тасмасы көрсөтүлүп, Манас үчилтигин Юнеско каттатуу иш-чарасынын жүрүшүнөн толук маалымат берди. Жолугушуунун соңунда манасчы Талантаалы Бахчиев Манастан үзүндү айтты.

# MANAS DESTANI UNESCO LİSTESİNE GİRDİ

Ayday Amangeldi kızı

“Manas”, “Semetey”, “Seytek” üçlü trajedisi Kırgızistan adına UNESCO’nun kültürel miraslar listesine girdi. Bu karar 4 Aralık 2013 tarihinde örgütün Bakü’deki Devletlerarası 8. Toplantısı’nda kabul edildi. Alınan bu kararın ardında Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi’nde 11 Aralık 2013 tarihinde K.C. milletvekilleri, üniversitemiz öğretim elemanları ve öğrencilerin katılımıyla bir program düzenlendi.

UNESCO işleri ile ilgili milli komisyonunun vekili ve K.C. Milletvekili Karganbek Samakov: “Manas”, “Semetey”, “Seytek” üçlü trajedisinin Kırgızistan’ın adına UNESCO’nun maddi olmayan kültürel miraslar listesine kaydedilmesi Kırgız halkının otoritesini yükselten büyük bir bayram ve büyük bir kazançtır” dedi. UNESCO’nun hükümetler arası komitesine 24.ülke olarak katıldığını belirten Karganbek Samakov, “Kırgızistan’ı tanımak istemeyen ülkelerin bugünden itibaren kültürel miraslarımızı tanıyarak bizi dikkate almak zorunda kaldıklarını bildirdi.

Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi’nin Rektörü Prof. Dr. Sebahattin Balcı, bu kararın tüm Türk dünyasının ortak sevinci olduğunu belirterek, emeği geçenlere teşekkür etti. Manas Destanı’nın dünya seviyesinde tanınması büyük bir gurur ve sorumluluk olduğunu söyledi. Prof. Dr. Kuseyin İsayev ise bu işin ardında Karganbek Samakov başında durduğu heyetin üç yıllık akılı ve diplomasi içeren bir emeğinin olduğunu belirtti.

Programda hazırlık sınıfı öğrencisi Akcoltoy Kanatbek uulu komuzla şarkı söyledi. Ardından K.C. Milletvekili Karganbek Samakov tarafından hazırlanan Manas Destanı ile ilgili belgesel filmi gösterilerek, Manas Destanı’nın UNESCO’ya kaydetme işleri hakkında bilgi verildi. Toplantının sonunda manasçı Talantaalı Bahçiev Manas Destanı’ndan bir bölüm okudu.

---

## Чыңгыз Айтматовду эскерүү жумалыгы өткөрүлдү

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 85-жылдыгына карата Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Адабият, Коммуникация жана Көркөм өнөр факультеттери тарабынан 2013-жылдын 9-декабрынын 13-декабрга чейин Чыңгыз Айтматовду эскерүү жумалыгы өткөрүлдү.

Жумалыктын алкагында жазуучунун китептеринин жана сүрөттөрүнүн көргөзмөлөрү жана конференция өткөрүлдү. Жумалыктын ачылышында сөз сүйлөгөн КТМУнун ректору проф. док. Себахаттин Балжы: “Дүйнөдө жазуучулар көп, бирок Айтматовго окшогон жазуучуну табалбайбыз. Ал жөн гана жазуучу эмес, адамдык касиеттерди эң жөнөкөй кылып түшүндүрүү боюнча башка жазуучулардан айырмаланып турган. Айтматов кыргыз элин гана эмес, бүтүндөй түрк дүйнөсүн дүйнөгө тааныткан сыймыгыбыз”, - деди.

“Биз үчүн декабрь айы өтө маанилүү ай. Себеби, залкар жазуучубуз ушул айда туулган. Анын бүт чыгармаларында бүтүндөй адамзатынын көйгөйлөрү чагылдырылган. Адамды адам болуусун баса белгилеген. Жазуучунун чыгармаларында ар бир эл же улут өз жашоосун, кыялын, максатын, кайгыруусун жана ийгиликтерин өздөштүрүүсү”, - деди Адабият факультетинин деканы проф. док. Лайли Үкүбаева.

Ачылыштан кийин жазуучунун чыгармаларынын негизинде тартылган “Мен Тянь-Шань” жана “Кызыл алма” фильмдери көрсөтүлдү.

## Büyük Yazar Cengiz Aytmatov Anıldı

Cengiz Aytmatov’un doğumunun 85. yıldönümü münasebetiyle Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi Edebiyat, İletişim ve Güzel Sanatlar Fakülteleri bünyesinde 9 Aralık 2013 tarihinde Dehaya Saygı Cengiz Aytmatov'u Anma Haftası Etkinlikleri düzenlendi.


Ömer Küfrevi

Etkinlik kapsamında yazarın kitaplarından ve fotoğraflarından oluşan bir sergi açıldı. Ayrıca bu kapsamda Cengiz Aytmatov Konferansı da düzenlendi. Programın açılış konuşmasını yapan KTMÜ Rektörü Prof. Dr. Sebahattin Balcı: “ Dünyada birçok büyük yazarlar vardır ama Aytmatov gibi yazar yoktur. O sadece bir yazar değil, o insanlık kavramını en iyi şekilde işleyip dünyaya anlatarak diğer yazarların arasında öne çıkan, insanı, insan yapan değerleri en güzel şekilde işleyen ve bunun yanında kişiliğiyle karakteriyle örnek bir başka yazarda yoktur. Sadece Kırgız halkını değil, bütün Türk dünyasını dünyaya tanıtmayı başarabilen özel bir kişiliğe, haysiyete sahip bir insandır” dedi.

Edebiyat Fakültesi Dekanı Prof. Dr. Layli Ükübayeva ise yaptığı konuşmada: “Bizim için Aralık en önemli aydır. Çünkü büyük yazarımız Cengiz AYTMATOV 12 Aralıkta doğmuştur. Onun tüm eserleri dünya ve insan doğasının problemleri hakkındadır. İnsanı, İnsan olmayı konu alan yazarımızın eserlerinde her halk veya millet kendi hayatını, hayallerini, düşüncelerini, üzüntülerini ve başarılarını bulabilmektedir” dedi. Konuşmalardan sonra yazarın eserlerinden uyarlanarak çekilen ‘Al Yazmalım’, ‘Kırmızı Elma’ ve ‘Ben Tien Shen’ filmleri konukların izlenimine sunuldu.



өздүк архив

# Айдин Данияров: “Кыялдарым ишке ашты”

Adinay Berdialiyeva, Ayzat Sadırbekova, Sveta Kadırbekova

Адинай Бердиалиева, Айзат Садырбекова, Света Кадырбекова

**Гезитибиздин “Экс-студент” рубрикасыныда студенттик жылдарында КТМУнун Студенттик кеңешинин төрагасы Айдин Данияров конокто.**

**Толук аты-жөнү: Данияров Айдин Мунарбекович.**
**Туулган жылы: 11-ноябрь, 1988-жыл.**
**КТМУда окуган жылдары: 2005-2010 –жыл.**
**Бөлүмү: Финансы жана кредит.**

### Манаста окуйм деген оюм жок болчу...

Мектепти аяктагандан кийин алгач Кыргыз- Орус Славян университетинин финансы жана кредит бөлүмүнө тапшыргам. Тапшырып коюп Ысык-Көлгө эс алганы кеткем. Кайра келгенимде ата-энем “Манас” университетине кабыл алынгандыгым жөнүндө кат берип, ойлонуп көр дешти. “Манаста окуйм” деген оюм жок эле. Жөн гана күчүмдү сынап көрүү үчүн КТМУга тест тапшыргам. Буга чейин бир таанышым ушул университет жакшы деп аябай мактаган. Акыры ойлонуп көрүп Манасты тандадым.

### Тамашага түшүнүшчү эмес

Даярдоо курсунда окуп жүргөндө бир аз кыйналдым. Негизи мен Бишкек шаарындагы № 6 орус мектепти аяктагам. Орус мектепти бүткөндүктөн даярдоо курсунда, кыргызча жана түркчө окуу кыйын болду. Бул биринчи көйгөй эле. Экинчи жагынан Манаста окуган балдар тамашага түшүнүшпөйт экен. Бардыгы эле “ботаник”. Мисалы мектепте чогуу окуган балдар тамашаласам түшүнүшчү(-күлүп). Сабакта отурганда да уктап калган убакыттар да болгон. Бирок, бара-бара университетке, тамашага түшүнбөгөн группалаштарыма да көнүп кеттим.

### Азыр да кайрымдуулук иштеримди улантуудамын

Коомдук иштер менен көп алектенчимин. Студент кезимдеги эң сүйүнгүргөн нерсе бул Студенттик кеңештин башчысы болушум. Студенттерге арналган көптөгөн программаларды түзгөнбүз. Алар менен тыгыз байланышта болуу мени кубандырчу. Ар кандай кайрымдуулук концерттерди уюштурчубуз. Мисалы “Жазгы шаң” кайрымдуулук концертин Кожомкул атындагы спорт ордосунда өткөргөнбүз. Мындан тышкары Кара-Балта шаарындагы Панфилов мектеп-интернатына ар кандай жардамыбызды берип, ал жакка Манас университетинин кыргыз тил классын ачканбыз. Азыр да кайрымдуулук иштеримди улантуудамын.

### Кыялдарым ишке ашты

Негизинен мен студент кезимде эле иштеп баштадым. Алгач “Колл-центр Клайтнер” деген компанияда эки жыл иштедим. Бул менин расмий түрдө иштеген ишимдин эң алгачкысы болчу. Жаңы барганымда оператор элем, кийин даражам жогорулады. 2009-жылы тажрыйба алуу үчүн “Финанс Кредит” банкка ишке кирип, стажировкамды да ошол жердем өттүм. Банктын директору: “Бир айдын ичинде жакшы жыйынтык чыгарсаң сени расмий түрдө жумушка алабыз”-деген. Жакшы жыйынтык чыгаруу үчүн күнү-түнү дебей аракет кылдым. Албетте окуум бираз аксады, бирок жумуштан жакшы натыйжа чыгардым. Алгачкы маянам 4000 миң сом болчу. Бул банкта бир жарым жыл иштедим. Ошол эле жылы эл аралык Демир банкына жумушка чакырышты. Албетте бул сунуш мага майдай жакты. Банктын генералдык менеджери түрк улутунда болгондуктан менин түркчө билгендигим клиенттер жана башкаруучулар менен иштегенге жакшы өбөлгө түздү. Банкта жыйынтыктарга жетишкендигим үчүн жарым жылдан кийин менеджер даражасына көтөрүлдүм. Ал жерде ири жана VIP кардарлар менен иштештим. Ошол эле жылы квалификациямды жогорулатыш үчүн стажировкага Түркияга жиберишкен.

2013-жылдын ноябрь айында Кыргыз Дыйкан Банкына комерция бөлүмүнүн башчысы болууну сунуш кылышты. Бул банктын жаңы ачылгандыгына карабай бул сунуштан баш тарта алган жокмун. Анткени бул жерде өзүмдү көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бар эле. Учурда кардарларды насыя алууга үгүттөйм. Жакын арада жаңы өнөктөштөрдү жана стажерлорду чогултам деген ойдомун. Чынын айтсам мектепте окуп жүргөн кезимде эле банкта иштесем деп кыялданчуумун.

Учурда банктагы ишимден тышкары досторум менен бирге бизнес-консалтин компаниясын ачканбыз. Ар кандай проект жазаганга жардам беребиз. Бирок жумуштарым көп болгондуктан ал жакка көз сала албай калып жатам. Банктын төрагасы болгум келет (күлүп). “Аракет кылсам берекет” дегендей ар дайым аракет кыла бермекчимин. Мындан тышкары “Студенты тюркских стран” деген кайрымдуулук уюмун жетектеп келем. Жыл сайын балдар үйүнө жардам беребиз. Быйыл 2013-жылдын 28-декабрыда “Краснореченье” балдар үйүнө жардам берүүнү пландап жатабыз.

## Aydin Daniyarov:

# ‘Hayallerim Gerçekleşti’

Gazetemizin ‘‘Eski Öğrenci” bölümünde bu defa öğrencilik döneminde KTMÜ Öğrenci Konsey Başkanlığı görevini yapmış olan Aydin Daniyarov’a yer verdik.

Adı ve soyadı: Daniyarov Aydin Munarbekoviç
Doğum yılı: 11 Kasım 1988
Üniversite yılları: 2005-2010 yıllar arası
Bölümü: Maliye

Okuldan mezun olduktan sonra ben de herkes gibi Kırgız-Rus Slav Üniversitesi’nin Maliye Bölümü’ne başvurdum. Kayıt olduktan sonra Isık Göle tatil yapmaya gittim. Tatilden geldikten sonra ailem Manas Üniversitesi’ni kazandığımı söyleyerek, tekrar düşünmemi istediler. Manas’ta okuyacağım hiç aklıma gelmezdi. Sadece sınava girmiştim. Tanıdığım insanlar bu üniversitenin iyi olduğunu söylemişlerdi ve çok övmüşlerdi. İyice düşündükten sonra Manas Üniversitesi’nde okumaya karar verdim.

Hazırlık sınıfında okurken biraz zorluk çektim. Aslında ben Bişkek şehrindeki 6 Numaralı Rus Okulu’nu bitirdim. Rus Okulu mezunu olduğum için hazırlık sınıfında Kırgızca ve Türkçeyi öğrenmek zor oldu. Bu ilk sorunumdu. Diğeri ise sınıf arkadaşlarıma eski okulumdaki gibi şaka yaptığımda anlamıyorlardı. Fakat sonunda şakalarımı anlamayan sınıf arkadaşlarıma da alıştım. Ders sırasında uyuyakaldığım zamanlar da oldu.

### Öğrenciyken Yaptığım Hayırseverlik İşlerime Devam Etmekteyim

Sosyal işlerde çok aktif biriyim. Öğrencilik dönemimin en sevinçli olayı öğrenci konseyi başkanı olmamdır. Öğrencilerle ilgili birçok program düzenledik. Onlarla samimi iletişimde bulunmak beni mutlu ediyordu. Çeşitli hayırseverlik konserleri düzenledik. Kocomkul Spor Salonu’nda ‘‘Bahar Şenliği” adlı hayırseverlik konseri düzenledik. Bunun yanı sıra Çüy bölgesinin Kara-Balta şehrindeki Panfilov Yatılı Okulu’nda üniversitemiz tarafından Kırgızca sınıfı açıldı ve çeşitli yardımlar yaptık. Şu anda da hayırseverlik çalışmalarına devam ediyorum. 22 Aralık 2012 yılında arkadaşlarımızla beraber bu okula yılbaşı hediyeleri, yiyecek ve içecekler götürerek az da olsa katkıda bulunduk. Öğrenci kardeşlerim, hiç bir şeyden korkmayın, utanmayın ve arzuladığınız amaçlara ulaşmak için çaba gösterin. Günümüzde üniversitemizin öğrencilerine çok değer veriliyor. Çünkü aldıkları eğitim düzeyi yüksek. Öğrenci arkadaşlarıma sadece okumakla kalmayarak, her zaman aktif olmalarını öneriyorum.

### Çocukluk Hayalim Gerçekleşti.

Öğrenciyken 2007 yılında çalışmaya başladım. ‘‘Koll Centre Klaytner” Şirketi’nde iki sene çalıştım. Bu benim resmi çalıştığım ilk yerdi. İlk başta operatör olarak çalışmaya başladım, sonra yükseldim. 2009 yılında tecrübe kazanmak amacıyla Finans Kredi Bankası’nda stajımı yaptım ve orada işe başladım. Banka müdürü: ‘Bir ay içinde çalışmada iyi performans gösterirsen resmi olarak seni işe alacağız” dedi. İşe girebilmek için gece gündüz çalıştım. Tabii derslerimden biraz geri kalıyordum. Ama iş yerimde iyi performans gösterdim. İlk maaşım 4000 Somdu. Bu bankada bir buçuk yıl çalıştım. Aynı yıl Uluslararası Demir Bank’tan iş daveti aldım. Elbette bu benim hoşuma gitti. Bankanın genel müdürü Türk olduğu için benim Türkçe bilmem Türk müşterilerle ve yöneticilerle rahat iletişim kurmamı sağladı. Bankada iyi bir çalışma performansı gösterdiğim için 6 ayda işletmeci görevine terfi ettim. Önemli VİP müşterilerle çalıştım. Aynı yıl tecrübe almak amacıyla beni Türkiye’ye staja gönderdiler.

2013 yılının Kasım ayında Kırgız Dıykan Bankası Ticaret Bölümü’nün başkanı olmamı teklif etti. O bankanın yeni açılmasına rağmen teklifini reddetmedim, çünkü kendimi göstermede güzel bir fısattı.

### Banka Başkanı Olmak İstiyorum

Bu günlerde arkadaşlarımla beraber Biznes-Konsaltin Şirketi’ni açtık. Çeşitli projeler yapmaya yardım ediyoruz. Ama işlerim yoğun olmasından dolayı o projeye yeterince vakit ayıramıyorum. Bununla birlikte Türk Ülkelerinin Öğrencileri adlı hayırseverler grubunu yönetiyorum. Her sene çocuk evlerine yardımlarda bulunuyoruz. Bu sene ise 28 Aralık 2013 tarihinde Krasnoreçen Çocuk Evi’ne yardım etmeyi planlıyoruz. Bana göre yardım etmek herkesin görevidir.

Gelecekte kendi işimi kurmayı düşünüyorum. Bunun yanında banka genel müdürü olmak istiyorum. Harekete bereket denildigi gibi her zaman çaba gösterip çalışacağım.

# Максатыбыз эски ырларды жаңыча стилде, жандуу үн менен ырдоо

Алтынай Жумалиева,
Жыпара Дөөтказы кызы

Жети мырзадан турган “Чоро тобу” Түркиянын Эскишехир шаарында 17-21-декабрда өткөрүлгөн “Түрквизион- 2013” фестивалына Кыргызстандын атынан катышып, сегизинчи орунга ээ болушту. “Ой тобо”, “Кантым бар”, “Алтынчы күнү кечинде” ырларын ырдап, коомчулуктун сүймөнчүлүгүнө айланган Чоро тобун кепке тарттык.



өздүк архив

**- Топ качан түзүлгөн жана “Чоро” деп аталып калышынын себеби эмнеде?**

- Топтун түзүлгөнүнө бир жылдын жүзү болду. Тагыраак айтканда 2012-жылы “Фрунзе life” аттуу ретро-фестивалына эски ырларды жаңыча ырдоо талабы менен уюштурулган. Тобубузга “Чоро” деген ысымды ыйгардык. Антип атообуздун себеби, биринчиден, конкурста жалаң айтылуу композитор Чоро Кожомжаровдун репертуарындагы ырларын аткаруубуз, анан дагы агабыздын мен туулуп-өскөн Нарын районунун Учкун жергесинен, үчүнчүдөн, ал киши Кыргызстандын эстрадасын баштаган киши болгондуктан, анын атын өчүрбөй, келечек муунга жеткирүү тилегибиз болду. Кошумчалай кетчү нерсе, топтун ачылышына эң көп салым кошкон топтун солисти Күмөндөр Абыловдун уулу -Аваз . Негизинен топ ачуу идеясы баарыбызда эле болгон. Бирок, демилгени көтөрүп чыккан Аваз болду.

**- Музыкалык билимиңиздер барбы?**

- Топтун курамы тууралуу айта кетсек топтун көркөм жетекчиси Марат Абылов К.Абыловдун бир туугалы, топтун башкы солисти Нурболот Күмөндөрдүн агасы Теңизбек Абыловдун уулу. Ал эми топтун курамындагы Аваз- Күмөндөр Абыловдун өзүнүн уулу. Калгандары жөнөкөй эле жигиттер. Алтообуз Муратаалы Күрөңкеев, ал эми Нурбек аттуу солистибиз Мукаш Абдраев атындагы окуу жайларын бүтүргөнбүз. Учурда баарыбыз Улуттук консерваторияда билим алуудабыз.

- Негизинен элге көрүнүш үчүн шоу дүйнөгө аралашыш керек. Бирок, биз анткен жокпуз. Учурда жөн гана чыгармачылык менен алектенип жүрөбүз. Ушул күнгө чейин ырларды даярдап, тажрыйба топтоп, машыгып жүрдүк. Кыскасы телевидениеге өзүбүздү жарнамалоо биз үчүн жат көрүнүш. Себеби топ элге таанылуу максатында түзүлгөн эмес. Буга чейин 2012-жылы “Супер инфо” гезитинин тандоосу менен “Супер топ” наамын алганбыз. Мына минтип “Түрквизион – 2013” фестивалынын тандоо турунан жеңишке жеттик. Бул биз үчүн сыймык...

**- Топту түзүүдөгү негизги максатыңыздар кандай эле?**

- Эски хит ырларды унутпай жаңыча стилде, жандуу үн менен ырдап жандандыруу. Ошол эле учурда жаңы ырларды да жаратып, элдин табитин оңдоо. Белгилүү болгондой азыр фонограмма менен оозорун гана кыймылдаткан ырчылар көбөйүп кетти. Алар убактылуу жарк эткени менен тез эле өчүп калып жатышат. Жасалма жол менен эмес, өнөрү менен таанылгандар элдин жүрөгүнөн орун алат.

**- Сахна адамдарынын басымдуу бөлүгү үчүн тойлордо ырдоо кадимки эле көрүнүш, сиздер буга кандай карайсыздар?**

Албетте, тойго барбай койсо да болбойт. Бирок, көп учурда бара албай калабыз. Себеби, биз башкалардай болуп “минусту” мини-дискке жаздырып алып ырдабайбыз. Ар бир чыгармабыз жандуу үндө жана аспаптарда ойноо менен аткарылат. Аспаптарыбыз болсо көлөмдүү аларды ташып жүрүү да бир топ ыңгайсыздык жаратат. Кеткен чыгымды да актабай калган учурлар болот. Эгер шарт түзүп беришсе бара беребиз.

**-“Түрвизион – 2013” фестивалына кантип катышып калдыңыздар?**

Топтогу Адилет “Тумар” радиосунда үн коштоочу болуп иштейт. Ошондогу берүүсүндө дал ушул фестивалды жарнамалап калыптыр. Ал бизге катышып көрөлү деген сунушун киргизди. Кийин телевизордон да жарнамасын көрүп, байланышып маалымат топтодук. Топ да катышса боло тургандыгын билип, тандоого барып калдык. Негизи жеңиш оюбузда жок эле. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өз күчүбүздү сынап көрөлү дедик. Анын үстүнө алты кишинин жол чыгымын көтөрбөсө керек деп да ойлодук. Албетте күчтүү атаандаштар болду. Упай боюнча алып караганда, жарым финалда эң эле көп упай топтогон Курал Чокоев, андан кийин Замира Осмонова аттуу кыз болду. Ал эми финалда Курал менен биздики тең болуп калды. Акырында биз көрөрмандардын смс добушу менен алдыга озуп чыктык. Буйрук экен, жеңишке жеттик. Биз үчүн күтүлбөгөн белек болду.

**Маегиңиздерге чоң рахмат!**

# Çoro Grubu’na Kümöndör Abılov’un akrabaları mı toplandı?

Altınay Cumalieva,
Cıpara Döötkazı Kızı

**Çoro Grubu yakın zamanda Bişkek’te düzenlenen Türkvizyon-2013 elemelerinde finale kalarak Türkiye'nin Eskişehir şehrinde 17-21 Aralık tarihleri arasında düzenlenen yarışmada Kırgızistan’ı temsil etti. Oy Tobo, Kantın Bar, Cumartesi Akşamı şarkılarını söyleyen Çoro Grubuyla reportaj yaptık.**

**Çoro Grubu ne zaman kuruldu ve neden grubunuza Çoro adını verdiniz?**

Grup bir yıl önce kuruldu. Tam olarak söyleyecek olursak şehrimizde eski şarkıları yeniden söyle 'Frunze life' atlı festival düzenlendi. O yarışmaya katılmak için bir araya geldik, şarkılar hazırladık ve gruba 'Çoro' adını verdik. Birinci olarak adımızı böyle koymamızın sebebi yarışmada sadece Çoro Kocomcarov'un şarkılarını söyleyecek olmamızdı. Kırgızistan'ın öncüsü olduğundan onun adını yeni nesillere aktarabilmek için bu adı verdik.

Daha bu konuda söylenecek çok şey var, bu grubun kurulmasını sağlayan Kümöndör Abılov'un oğlu Avaz'dır. Aslında grubu açmayı bizde düşündük fakat o bize öncü oldu.

**Müzik eğitiminiz var mı?**

Altımız Murataalı Kürönkeev Lisesi'nden, Nurbek ise Mukaş Abdraev Lisesi'nden mezun oldu. Şu an hepimiz Milli Konservatuar'da okuyoruz.

**Grubun kurulmasında ki en önemli amaç neydi?**

Eski çok dinlenen nostalji olan şarkıları yeniden yorumlayarak insanlara eğlenceli müzikler sunmak istiyoruz. Son zamanlarda fonogramma ile şarkı söyleyenler çoğaldı. Onlar biraz ünlenecek fakat yakın zamanda bu ünlerini yitirecekler. Tam tersi yetenek ile bir yerlere gelenler ise senelerce bu ünlerini koruyup ölmeyecekler diye düşünüyorum.

**Eski zamanlarda sahne adamlarının bir bölümü için düğünlerde şarkı söylemek önemliydi. Siz bu düşünceyi nasıl görüyorsunuz?**

Elbette, düğüne gitmemekte olmaz. Ama çoğu zaman gidemeyebiliriz. Sebebi, biz başkaları gibi playback yapıp şarkı söyleyemeyiz. Bütün şarkılarımız kendi sesimiz ile çıkarıp müzik aletleri ile kullanarak yapıyoruz. Müzik aletlerini taşımak ise büyüklüğünden dolayı sorun olabiliyor. Masrafları karşılayamadığımız zamanlarda oluyor. Eğer belli bir plan çerçevesinde olursa gidebiliriz.

**Türkvizyon-2013 festivali nasıl katıldınız?**

Gruptaki Adilet 'Tumar' radyosunda sesçi olarak çalışıyor. Oradaki seslendirmesinde reklam vermişlerdi. Bu yarışmayı O bize teklif etti. Sonra televizyonda da reklamını görüp, yarışma hakkında bilgiler topladık. Grup olarak katılabileceğimizi öğrenip, yarışmaya kaldık. Genel olarak kazanma düşüncesi yoktu, elimizdeki imkanı kullanıp kendimizi deneyelim diye katılmaya karar verdik. Bununla birlikte altı kişinin masrafını kaldıramayacaklarını düşündük. Sonunda zafere ulaştık. Bizim için beklenmeyen bir hediye oldu.

**Teşekkürler!**

# Жигити - шумкар, кыз - куудай кыргыздын оюну

# Кыз куумай

Бакай Абдимиталипов



Асел Моконова,
Саадат Токтоболот кызы

Asel Mokonova,
Saadat Toktobolot kızı

*Кыргыз эли байыртадан көчүп-конуп, ат жалында көп жүргөндүктөн, буга шайкеш ат үстүндө ойнолуучу оюндары көп. Алардын бири кыз куумай тууралуу сөз кылмакчыбыз.*

# At Üstündeki Heyecanın Adı: KIZ KUUMAY

*Kırgızlar göçebe halk olmasından dolayı eski zamanlardan bu yana hep at sırtında vakit geçirmişlerdir. Kırgızların yaşamında atın ayrı bir yeri bulunmaktadır. Kırgız milli oyunlardan biri olan Kız Kuumay'da da at önemli bir görev üstlenmektedir*

### Кыз куумай аял-эркек теңдигинин далили

Кыз куумай байыркы оюндардын бири. Анын тарыхый мааниси никелешүүгө барып такалат. Салтка ылайык эгер жигит оюнга түшкөн кызга жеткен болсо, ага үйлөнүшү керек болгон. Салт боюнча кыз мине турган атын өзү тандап жигиттен алдыга чыгып, жигит артынан кубалап жөнөйт. Эгер кызга жеткен болсо бетинен өпкөн, жетпей калса жигит кыздан камчы жеген. Бул оюндун негизги максаты кыздын жигитке жеткирбей качуусу. Жигиттин да кызга жетүүгө далалат кылуусу болуп саналат. Азыркы учурда да Кыз куумай тойлордо, майрамдарда ойнолуп келет. Бирок түпкү маанисин жоготуп, тамашалуу көрүнүшкө айланган. Оюндуу кыргыз коомундагы аял-эркек теңдигинин бир далили катары да мааниси бар.

### "Адам баласы ойноп жатып, тоскоолдуктарды жеңүүнү үйрөнөт"

Филология илимдеринин кандидаты, ага окутуучу Уланбек Алимов: "Ат оюндарынын негизги өзгөчөлүгү диний ритуалга таянат. Эгерде салттык же диний ишенимдер болбосо оюндар аң сезимде калыптана албайт. Кыз куумай архаикалык ат оюндарынын бири болгондуктан салттык ишеним менен тыгыз байланышта. Нидерландылык философ, тарыхчы-окумуштуу Йохан Хейзинганын "Homo ludens" аттуу эмгегинде "Адам баласы башкалардан айырмаланып ойлонот, дайыма ойноп турушу керек. Эгер ойнобосо жашай албайт. Адам баласы ойноп жатып, жашоосундагы тоскоолдуктарды кантип жеңүүнү үйрөнөт,"- деп жазылган.

Кыз куумай тойдун көркүн ачкан улуттук оюндардын бири. Кыз куумай оюнунун башка оюндардан айырмаланып турган өзгөчөлүгү - кызга көп жеңилдиктин берилиши. Көчмөн маданиятта бир кишиге ат берилип жатканда ал сөзсүз өзүнүн жөндөмүн көрсөтүшү керек болгон. Мындай көрүнүш кыз куумайга да мүнөздүү. Кызга күлүк ат берилиши – кыздын даражасы жогору экендигинин далили. Ал эми алдыга кое берип, камчы бериши – кызга болгон урмат-сыйы,"-деген оюн билдирди Уланбек Алимов.

### "Европа аялдарынын дагы атты мыкты мине ала тургандыгын көрсөткүм келди"

41 жаштагы Клаудия Нолл айым өткөн жылы кыз куумай оюнуна катышып жеңүүчү аталган. Немис улутундагы Клаудия өзү катышкан кыргыз улуттук оюну тууралуу төмөндөгүлөрдү айтып берди: "Кыз куумай оюнуна алгач 2012-жылы жай айында Таласта катышкам. Кыргызстанга келгенге чейин Ирландияда профессионалдуу чабандес, саяпкер болуп иштегем. Бул жерге келишимдин негизги себеби кыргыз элинин жылкыга аяр мамиле жасаганы болду. Буга чейин оодарыш, көк бөрү жана кыз куумай тууралуу угуп кызыкчумун. Булардын ичинен кыз куумайга гана кыздар катыша ала тургандыгын уккандан кийин катышып көрүүнү чечтим. Кыз куумайга катышуудагы максатым - жеңүү жана аялдардын дагы, анын ичинде европалык аялдардын да атты жакшы мине ала тургандыгын көрсөтүү. Ошол оюнга чейин чоң масштабдагы ат оюндарына катыш келгем. Бирок кыз куумай оюнунда болуп көрбөгөндөй өзгөчө толкундандым. Акырында жеңишке жетишкендигиме аябай кубандым. Атаандашым мени куттуктап балмуздак алып бергени эсимден кетпейт"-деди (күлүп).

### Ички дүйнөңдө адреналин болот

Кыз куумайды 5 жылдан бери ойноп келген, ат чабыш боюнча машыктыруучу Жаныбек Дүйшебаев: "Кыз куумай оюнун ойноп жаткан мезгилде ички дүйнөңдө өзгөчө бир адреналин болот. Күйөрмандарын сени колдогон кыйкырыгынан өзгөчө толкунданасың. Бул оюн коңшу Казакстанда, Өзбекстанда өткөн тойлордо да ойнолуп келет. Азыр илгеркидей кыз куумайга көп көңүл бурулбай калды. Колдоого алып өнүктүрсөк, олимпиада оюндарынын катарына кошулса жакшы болмок"-деген өз пикирин айтып өттү.

### Кыз куумайдын эрежелери

Кыз куумай оюну азыркы учурда тойлордо жана майрамдарда ойнолгондуктан, атайын даярдык менен өткөрүлөт. Кыз куумай оюну узундугу 1,5 чакырымга чейин келген талаада же ат майданында өткөрүлөт. Оюнга 2ден 20га чейин оюнчу катыша алат. Оюндун жүрүшүндө, жолду кесип өтүүгө, өзүнүн атын экинчи катышуучунун атына карай багыттоого, омуроолотууга, биреөнүн атын токтотууга, ага тоскоол болууга же камчы менен чабууга тыюу салынат. Эреже боюнча кыз старттык сызыкчадан 25-30 метр алдыда болот. Атайын белги берилгенде, кыз биринчи чаап жөнөйт. Ал эми жигит болсо ага жетүүгө аракеттенет. 150-200 метрлик аралыктын ичинде жигит кызды кууп жетсе, анда ал кыздын бетинен өбүүгө акылуу (баш кийимин кыздын аркасына тийгизсе да болот). Бул жеңиштин белгиси. Эгерде жигит жетпей калса, бурулуп кайра артка чапканда, оюнчулардын оруңдары алмашып, эми кыз жигитти кубалайт. Эгерде кыз жетип алса жигитти далыга камчылайт. Кызды кууп жете албаган жигит мелдешке андан ары катышуу укугунан ажырап, кезек командадагы кийинки жигитке берилет.

### Erkek kıza yetişirse onunla evlenir

Kız kuumay eski oyunlardan biri ve temel anlamı nişanlanmaya dayanır. Geleneğe göre eski zamanlarda kız kuumay oynarken eğer erkek kıza yetişirse onunla evlenmesi gerekiyordu. Kurala göre kız bineceği atı kendisi seçer ve rakibinden metrelerce öne çıkıp kaçar, erkek ise ardından kovalamaya başlar. Eğer kızı yakalarsa yüzünden öper, eğer beceremezse kız onu kamçıyla döver. Bu oyunun amacı kızın, rakibine kendini yakalattırmaması ve erkeğin de kıza ulaşmaya çalışması. Günümüzde Kız kuumay bayramlarda ve düğünlerde oynanmaktadır. Fakat temel anlamını kaybederek eğlenceli bir görünüşe dönüşmüştür. Oyun kadın erkek eşitliğinin bir kanıtıdır.

### Kız kuumay insana engellerle mücadele etmeyi öğretir

Öğretim Görevlisi Dr. Ulanbek Alimov: 'At oyunlarının temel farklılığı dini ritüele dayanmasıdır. Eğer dini ya da geleneksel inançlar olmazsa oyunlar bilince yerleşmez. Kız kuumay antik at oyunlardan biri olduğu için geleneksel inançlarla sıkı bağlantısı vardır. Hollandalı filozof, tarihçi, bilim adamı Yohan Heyzinga'nın 'Homo ludens' adlı eserinde 'İnsanoğlu başka canlılardan düşünme yeteneği olduğu için farklıdır ve her zaman oynaması lazım. Eğer oynamazsa yaşayamaz. İnsan oynarken hayatındaki engellerle mücadele etmeyi öğrenir,' diye yazılmaktadır. Kız kuumay bayramlara güzellik katan Kırgız milli oyunudur. Başka oyunlardan farkı kıza birçok kolaylığın verilmesi. Göçebe kültürde bir insana at verildiği zaman o kendi yeteneğini göstermesi lazımdı. Kız kuumay'da da böyle. Kıza daha güzel atın verilmesi kızın yüksek seviyede olduğunu gösterir. Kızı rakibinden metrelerce öne çıkarıp kamçı vermesi ise kıza saygı duyulmasıdır' diye konuştu.

### 'Avrupalı kadınların da ata binmede yetenekli olduğunu göstermek istedim'

